УДК: 9.

Исмаев А.Р., Ибраев Ч.Т.

# ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН САЯСИЙ-АДМИНИСТРАТИВДИК СИСТЕМАСЫ ЖАНА СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮШҮ

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

*Бул макалада Каракол шаарынын келип чыгышы социалдык-экономикалык саясий өнүгүшү жана Ысык-Көл областынын саясий-административдик түзүлүшүнүн ролу чагылдырылган.*

А.В. Каульбарстын жетекчилиги астында экспедиция түзүлүп, Каракол шаарынын архитектуралык курулуучу жери Ысык-Көлдүн жаратылыш- географиялык шартына байкоо жүргүзүп жана түпкү жашоочулары менен сүйлөшкөндөн кийин тандалган. 1863-жылы июлда шаардын негизги көчөлөрү, аянттары белгиленип, биринчи кезекте казарма курулган. Ак-Суу бекемдөөсүнүн гарнизону Караколго көчүрүлүп жайгаштырылган. 1870-жылы 3-февралда жаңы бекемдөө өзүнчө Каракол деген ат менен аталган. 1882-89-жылдары Жети-Суу облусу Пржевальск жана башка уезддери менен бирге Түркстан генерал-губернаторлугунан Талаа генерал-губернаторлугуна убактылуу берилип кийин 1886-жылы Түркстан крайлык администрациясына кайрадан берилген. 1889-жылы 7-марттан баштап шаар Н.М. Пржевальскийдин (өлгөндөн кийин) аты берилген.

Шаар туура пландаштырылып, ошондой эле жашылдандыруу боюнча көчөлөр айырмаланып турган. Шаардын жашоочуларын түзгөн солдаттар Жети-Суу казактарынан уездик башкаруучулардын тышкаркы өзбек, татар соодагерлери түзүшкөн. 1887-жылдан кийин шаарга дунгандардын качкындарынын кээ бир бөлүгү келе баштаган.

Шаардын негизги катмарларын уездик көчүп келгендер жана орус дыйкандардын эсебинен көбөйгөн. 1897-жылдагы Эл каттоодо шаарда 8108 жашоочу болгон. 1913-жылы бул цифра 15418 жашоочуну түзгөн. Шаарда кыргыздардын саны аз болгон, бирок Пишпекте салыштырганда көбүрөөк (1937-жылы 16%) түзгөн. Шаардын жашоочулары мал чарбачылык, токой чарбасы, дан эгиндерин эгүү, мөмө-жемиш өстүрүү, бал-челек кармоо, соода менен эмгектенип келишкен. Шаарда өндүрүүчү ишканалар май чыгаруу, суу тегирмендери иштетилген. Айылдын жашоочулары өздүк малдарын мал базарга алып келип турушкан. Ошондой эле малды данга, кол эмгек буюмдарына алмаштырышкан. Базарга жакын жашаган дыйкандар өзүлөрүнүн чыгарган оокаттарын нан, жер-жемиш, бал жана балыктарды да сатышкан. Ушунун негизинде алып сатарлык кеңири жайыла баштаган. Каракол жарманкесиндеги соодагерлер өзүлөрүнөн ашкан жүн, тери, дан азыктарын Пишпек уезддерине жөнөтүп турушкан. Караколдон Ташкентке, Ферганага жүн, бал, Анжиянга мал, Нарын, Жаркент уезддерине дан азыктарын жөнөтүлүп турган.

XX кылымдын башында Караколго кирген товарлардын салмагы 1 жылда 150 миң пудга жеткен. Бул мезгилде соода байланыштары жогору өнүккөн. 1907-жылы Караколдогу 302 соода борборунун айландыруу обороту 1191 миң рубль түзгөн. Шаардагы ири соода түйүндөрүнүн ээлери керектүү чийки заттарды сатып алып турган. Бул кыргыздар менен орустардын мамилелеринин жакшырылышына шарт түзүлгөн. 1917-жылы Пржевальск Ысык-Көл аймагындагы эң ири соода борборуна айлануу менен Кыргызстандын ички-тышкы соодасында да чоң саясий мүнөзгө ээ болгон.1865-1868-жылдары түзүлгөн Туркестан областы кийинчерек Туркестан генерал-губернаторлугу жөнүндөгү тракт түзүлгөн. Ал боюнча Ташкент, Жети-Суу, Верный, борбору болгон облусттук шаар менен Кыргызстандын түндүгү Токмокту Кастек ашуусу менен, ал эми Ак-Сууну, Санташ ашуусу менен бириктирет.

Мына ушул трактылардын бири Вернеый-Карабалта Кастек ашуусу аркылуу Токмокко, Пишпекке андан ары Олуя Атага жана Ташкентке өткөн. 1870-жылдын аяк ченинде бул маршрут өзгөргөн. Почта кыймылынын Кастек ашуусунан Курдайга көчүрүлгөнүнө байланыштуу 1870-жылы 1-декабрда Верный жана Каракол шаарынын ортосунда (ал кезде Каракол, Ак-Суунун ордуна уезддик борбору болгон) Курдай ашуусу

аркылуу Пишпек, Токмок, Ысык-Көлдүн түндүк жээктерине маршрут түзүү тракты түзүлгөн. 1871-жылдан баштап бул тракт почталык байланыш линиясы болуп калган. 1872-жылы Боом капчыгайы аркылуу жол салынгандан кийин Пишпек жана Каракол тракты линиялар боюнча бириккен. Токмок жана Нарындын ортосундагы жаңы билдирүү линиялары жөнгө салынган. Бул жолго 1876-жылдан баштап арабакеч кыймылы киргизилген. 1880-жылы Көтмалды-Нарын тракт почталык байланыш түзүлүп аны менен Нарын- Каракол байланышы киргизилген. Ушул тракт боюнча 20-кылымдын башында Ташкент жана Верныйдан Пишпек, Токмок, Пржевальск 1 млн. пудга жакын ар кандай жүктөр жана жүргүнчүлөр ташылып өткөн. Кеме куруу иштери Ысык-Көлдө 20-кылымдын башына таандык кеме менен отундарды жана курулуш материалдарын ташуу жүргүзүлүп, 1902-жылы Жаргылчактан Пржевальск, 1910-жылдан баштап Рыбачьеге соодагерлердин кичинекей жел кайыктары менен жеткирилип турган. 1916-жылдан баштап көл аркылуу отун курулуш жыгачтарын ташуу үчүн чоң баркастар жана жеке кемелер дан эгиндерин, жүн рулондорун ташуу колдонулуп келген. 1913-1914-жылдары Мазуренко деген ишмер Ысык-Көлдүн айылдарынын ортосунда каттоочу кемелерди курууга аракет жасаган. Бирок каражаттын жетишсиздигине байланыштуу «Саякатчы Пржевальский» - кемесин курушкан. Совет бийлигинин мезгилинде «Кыргыз көлү» деген параход жүргүзүлгөн болчу. 1873-жылы Жети-Суу областынын губернатору телеграф линиясын Токмоктон Пржевальскийге чейин салынышын тездеткен. 1887-жылы Пишпек-Каракол багытындагы телеграф линиясын куруу жөнүндөгү маселеге аймактык администрация макулдугун берген. Бирок бул телеграф линиясын курууга 75 миң рубль сарпталуу менен 1890-жылы гана курулуш иши толук аяктаган. 1905-жылы жергиликтүү соодагерлер кеткен чыгымдарын өз моюндарына алышып, Пржевальск - Каркыра багытында телеграфтык линиясын куруу жөнүндө маселени кийирген.

Биринчи приходдук мектеп 1870-жылы 9-февралда Токмок шаарында ачылган. 1874-жылы биргелешкен Каракол мектеби түзүлгөн. Кийинчерээк бир класстан жана эки класстан турган эркектерден жана аялдардан түзүлгөн училища киргизилген. 1874-жылы 1-октябрда Каракол шаарында пансион ачылып, ал кыргыз жана азиат мектеби деп түзүлгөн. Мектепте 10 эркек, анын ичинен 9 кыргыз, 1 калмак окуган. 1877-жылы бул пансион өзгөртүлүп Каракол училищасынын алдында “Кыргыз үйү” деп аталган. 1884-жылы кыргыз үйүндө жашап окугандардын саны 22 окуучуга көбөйүп, алар шаардык училишага өтүүгө даярдалган. Пржевальск шаарындагы татар мечитинде эркектердин мектеби түзүлүп, андагы каражатты мусулмандар коомчулугу каржылап турган. 1901-жылдан баштап мектепте жаңы окуу усулдугу киргизилген болчу.1914-жылы бул мектепте 77 татар, 28 кыргыз жана сарт калмак, 24 дунган, өзбек улутундагы балдар окушкан.

Совет бийлиги орногонго чейин Кыргызстанда административдик система аскердик-элдик башкаруу деп аталган принципте түзүлгөн. Мында саясий мааниге ээ болбогон иштер боюнча элди башкаруу жергиликтүү эл тарабынан «шайлангандарга» берилип, уезддер менен облустардагы башкаруу аскер администрациясынын колунда топтолгон. Крайды башкаруу системасы нака аскердик-колониялык мүнөздө болгон. 1913-жылы Пржевальск уездинде 33 болуштук болгон. Февраль революциясынан кийин крайдагы административдик-саясий башкаруудагы өзгөрүүлөр көбүнчө эски бийлик органдарынын аттарын жаңылоодон же элге жек көрүнчү падыша кызматкерлеринин убактылуу өкмөттүн койгон кишилери менен алмаштыруудан турган.

Совет бийлиги орногондон кийин, 1918-жылы РСФСРдин курамына кирген Түркстан АССРди түзүлүп, ал Орто Азиядагы бардык элдерди бириктирген. Азыркы Ысык-Көл облусунун аймагы Жети-Суу облусунун уездине кирген. Уездде 8 болуштук болгон. Алар: Барскон, Жети-Өгүз, Күңгөй Ак-Суу Күрмөнтү, Тоң, Түргөн, Түп жана Четкалды. 1924-жылы 14-октярда ББАКтын 2-сессиясы РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономиялуу облусун уюштуруу жөнүндө токтом кабыл алган. 1925-жылы 25-майда Кара-Кыргыз автономиялуу облусу Кыргыз автономиялуу облусу деп аталган. КАО

түзүлгөндөн кийин Кыргызстандын аймагы 4 округка бөлүнгөн: Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Каракол. Алыстыгына жана өзгөчөлүгүнө байланыштуу Каракол округунда Нарын району бөлүнгөн. Нарын өрөөнүн кошпогондо округ 16 болуштукту бириктирген. Алардын ичинен 9 болуштук кыргыз элинин, 7 болуштук ар кандай улуттардын өкүлдөрүнүн турган. Мындай бөлүү райондордун экономикалык өнүгүүсүнө жана улутуна дал келбегендиктен КАОдо жаңы райондоштуруу зарылдыгы туулган. Облревком райондоштуруу боюнча облустук комиссия түзгөн. Анын милдети облустардын чек араларын аныктоо, улуттук, экономикалык, географиялык, тарыхый жана башка белгилерди эске алуу менен ички административдик бөлүштүрүүнү даярдоо болгон.1926-жылы 1-февралда ББАКтын Президиуму КАОну ошол кездеги аймагынын чегинде Кыргыз автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы кылып кайра түзүү жөнүндө токтом кабыл алган.

1926-жылы декабрдагы райондоштуруудан кийин мурдагы Каракол округунун ордуна Каракол жана Нарын кантондору түзүлгөн. Каракол (борбору Каракол) кантонуна 10 болуштук кирген: Күңгөй Ак-Суу (борбору Чолпон-Ата), Түп-Күрмөнтү (Күрмөнта), Барскоон (Барскоона), Тоң, Сазановка, Приозерный (Түпа), Теплоключенка (Теплоключенка), Ысык-Көл (Покровка). 1926-жылы 17-декабрдагы эл каттоо боюнча кантондо 134579 адам жашаган. 1928-жылы жүргүзүлгөн административдик райондоштуруудан кийин эмгекчи элди мамлекеттик башкарууга тартуу максатында кантон менен болуштуктардын ордуна Кыргыз АССР БАКка түздөн-түз баш ийген райондор түзүлгөн. 1938-жылы мартта республикалык округдук системага өткөн. Мурдагы Каракол кантонунун аймагында Ысык-Көл округу түзүлгөн. 1939-жылы 21-ноябрда округдар облустарга айландырылган. Башкаруунун облустук системасын уюштуруу Кыргызстандын мамлекеттик экономикалык жана маданий өнүгүшүндөгү ири кадамдардын бири болгон. Ысык-Көл облусунун борбору Пржевальск шаары, Балыкчы, Жети-Өгүз, Тоң жана Түп айылдык райондору кирген. Облустун аймагы 41,9 кв.км ди түзүп, калкы 174,2 миң адамга жеткен (1939-ж. эл каттоо боюнча).

Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде райондук жана облустук административдик-аймактык башкаруунун системасы бир кыйла кеңейген. 1941-1945-ж.ж. Ысык-Көл облусунун курамында Покровка, Талды–Суу жана маданий өнүгүүгө жетекчилик кылууну жакшыртуу жана администртивдик башкарууга жумшалуучу каражаттарды кыскартуу үчүн 1959-жылы январда Ысык-Көл облусу, ошондой эле экономикалык жактан начар райондор жоюлган.

Административдик аймактык бөлүнүүнү жакшыртуу максатында 1970-жылы декабрда Ысык-Көл облусу кайра түзүлгөн. Анын курамына төмөндөгүлөр кирет: Пржевальск, Рыбачье, Чолпон-Ата шаарлары; Ак-Булак, Жыргалаң, Кажы-Сай, Орто-Токой, Пристань-Пржевалск шаарчалары; Ак-Суу (1973-ж. 13-апрель), Жети-Өгүз, Ысык-Көл (1930-ж.), Тоң жана Түп райондору (1935-ж.). Облустун аймагы 43,1 миң км$^2$ ди түзүп, калкы 381,5 миң адамга жеткен. 1988-жылы 5-октябрда Ысык-Көл жана Нарын облустары бириктирилип кийинчерээк 1990-жылы Ысык-Көл облусу кайра аталган. 1992-жылы Пржевальск шаары Каракол шаары деп кайра которулган.

Адабияттар

1. Бартольд В.В. Киргизы (исторический очерк). -Ф., 1943.
2. Хасанов А.Х. Из истории Киргизии XIX века. –Ф.: Киручпедгиз, 1959.
3. Осмонов. Ө.Ж. Кыргызстандын энциклопедиясы. –Бишкек, 2003.